# ОРУС АКЧАЛАРЫНЫН АНЫКТЫГЫН КАНТИП БИЛСЕ БОЛОТ?

*Улуттук банк, Кыргызстандын аймагында орус рублинин жасалма банкнотторунун таралышына бөгөт коюу үчүн калайык калкка анын аныктыгынын белгилерин маалымдайт.*

**1. Россия банкынын эмблемасы** – банкноттун ар-бир бурчунан алып караганда, анда жашыл түстөгү майда жалтырактар пайда болот.

**2. Ар-түрдүү түстө кубулуп турган көмүскө тилке -** банкнотту жантайтып көрүүдө анда көп түстөн турган тилкелер пайда болот.

**3. Көмүскө сүрөттөлүш -** банкнотту кыймылдатып көрүүдө анда түшүрүлгөн орнаментүү лентада «РР» деген тамга пайда болот.

**4.** Хабаровск **шаарынын түсүн өзгөрткөн герби** - банкнотту кыймылдатып көрүүдө анын түсү сыя көк түстөн саргылтым күрөң түскө өзгөрөт.




**5. Майда көзөнөкчөлөр** – банкнотту жарыка салып кароодо майда көзөнөкчөлөрдөн турган «5000» деген сан көрүнөт. Банкноттун кагазынын майда көзөнөкчөлөрдөн турган жерин кол менен сыдырып көрүүдө бодуракай болбоого тийиш.




**6. Суу белгиси** банкноттун ак тилкесинде жайгашкан: эстеликтин сол тарабындагы кууш тилкеде - ачык түстө берилген номиналдын саны, эстеликтин оң жагында жайгашкан жазы тилкесинде,– каралжын түстө берилген Н.Н. Муравьев-Амурскийдин портрети берилген.

**7. Көзөнөкчө түрүндөгү коргоо тилкеси** - жарыка салып айландырып кароодо үзгүлтүксүз тилке болуп көрүнөт жана ал майда текст менен берилген «5000» номиналдын санын камтыйт.

*Орус рублинин коргоо белгилери боюнча толук маалыматты Россия Борбодук банкынын сайтынан төмөнкү дарек боюнча тапсаңыз болот: www.cbr.ru/банкноттор жана монеталар.*

*Чет өлкө валюталарын экспертизага кабыл алуу Адилет министирлигине караштуу Соттук экспертизалардын мамлекеттик борборунда ишке ашырылат (т.66-78-63, дареги: Ж. Боконбаев атындагы көч. 97-үй).*